***Конституция менин уктарымды кантип коргой алат ?***

Алгач укук туурасында түшүнүп алалы. Укук, төрт тамгадан турган сөз. Ушул төрт тамганын артында аска-зоодой, апал тоодой зор күч, көз көрбөгөн, кулак укпаган, бирок акыл калчап, мээ түшүнгөн, суугa салсаң чөкпөгөн, отко салсаң күйбөгөн, күмүш капаска камасаң сайрабаган, эркиндикке учуруп жиберсең карматпаган, жакындасаң жалбырттаган, алыстасаң табы жоголгон, кылыч мизиндей курч, арстандай айбаттуу, ошол эле учурда акактай тунук, күн нурундай жылуу, махабаттай улуу, гүлдөй назик, адамга өмүр, ден-соолуктан кийинки эле эң керектүү нерсе. Укуктун улуулугун кимдер гана жар салбады. Укук үчүн аалам алты айланып, канчалаган эр азаматтар жер менен жексен болду. Укукту биринчи жараткан кудай берет, анан Кыргызстан, андан кийин конституция жана башка укуктук актылар.

Конституция – бул укуктук база. Эң жогорку юридикалык күчкө ээ болгон мыйзамдардын топтому. Конституция латын тилинен которулганда – (constitutio) – орнотуу, түзүлүш дегенди түшүндүрөт. Мыйзам тааласы менен гана чектелбей, Конституция бул кыргыздын калканы. Коомдук түзүлүштүн, адам укуктарынын жана жашоо тиричилигиндеги эрежелердин топтому. Конституция бул - кыргыздын ыйманы, намысы, үрп-адаты, каада-салты. Кыргызда мурун конституция болгон эмес дегенди көп эле эшитип жүрөм. Кыргыз эли көчмөн эл болгондуктан жазылбаган мыйзамдары оозеки түрүндө колдонулуп, ал тургай тили чыккан баладан өлөсөлү чал-кемпирлерге чейин жатка билген, аны ар дайым так аткарышкан. Ал эзелтен, тээ Манас ата, Семетей, Сейтектен бери айныбай бекем так аткарып келген каада-салт, үрп-адаттары кыргыз элинин стабилдүү Конституциясы болгон деп түшүнөм. Конституция бүгүнкү күндө өлкөнүн жүрөгү. Жүрөк инсанга кандай жакшы кызмат кылса, адамдын өмүрү ошончолук узун болгон сыңары, конституция канчалык сакталса, мамлекетибизде ошончолук стабилдүүлүк орнойт.  Кыргызстан деген унаа болсо, ошол унаанын матору бул конституция. Матор жакшы иштеп турса, унаа жүрүп тургандай эле,

конституция жакшы кызмат кылса, мамлекетибиз дүркүрөп өнүгүү жолуна түшөт. Кыргызстандын 1993-жылы кабыл алынган биринчи Конституциясы Франциянын варианты менен алынып, Кыргызстан парламенттик-президенттик башкаруу формасына өтүп, күчтүү парламент түзүлгөн. Андан бери биздин баш мыйзам көп жолу алмашып, эки президенттин доорунда "улак тартышка" түшүп келди. Арийне, өз ордун сактап, канча ирет ур-тепкиге алынса да, комузду сындырсаң музыка сынбаган сыңары, баш мыйзамды бузгандарга, эки жолку элдик ыңкылап болуп, конституциянын "к" тамгасы кыйшайбай өлкөбүз үчүн кызматын кылып келүүдө. Конституцияны бузуу бул күнөө, обу жок өзгөрткөндөргө каргышы тиет деп айтаар элем. Буну туңгуч президентибиз Акаев менен Бакиевтин талкаланган тагдырлары тастыктап турат. Учурдагы баш мыйзам 2010-жылдын 27-июнунда Референдумда кабыл алынып, 9 бөлүм, 114 беренеден турат. Конституция менин укуктарымды түз мааниде да, кыйыр мааниде да коргойт. Бир гана укуктарымды эмес, өмүрүмдү, ден-соолугумду, келечегимди коргойт. Кыргызстанда эгемендүүлүктү, эркиндикти, тынчтыкты, демократияны, адилеттикти,теңдикти, бейкутчулукту, улуттук баалуулуктарды, нарк-насилди коргойт. Мамлекетибиздеги бакыттын байрагын булгалап турган бул конституция экенин баса белгилегим келет. Төрөлгөндөн тартып эле менин укуктарымда жарык көргөн. Аба менен дем алууга, билим алууга (45 берене) укуктуумун. Мен каалаган динимди тутуна алам (7 берене), шайлай алам, шайлана алам (4 п 2 берене) өзүмдүн жеке менчик буюмдарыма, жер үлүшүмө,үй-жайыма (46 берене) ээлик кыла алам, жана ал кол тийгиз (12 берене). Үй-бүлө куруууга, артыма тукум калтырууга укуктуумун (36 берене). Жалпылап жалпак тил менен айтканда конституция чачымдан баштап, тырмактын учуна чейин, төрөлгөндөн,өлгөнгө чейин мага керектуу нерселердин баарын коргойт. Кааласам чак түштө ак үйдүн алдында митинг кыла алам. Дараметим жетсе чет өлкөгө барып билим алып, өлкөмө кызмат өтөйм. Кудайдын кулагы сүйүнсүн биздин баш мыйзамдан айланып эле кетсе болот. Топук кылышыбыз керек. Чыныгы бакыт деген ушул. Укук

бар жерде милдет да бар экенин айткым келет. Экөөсү эриш-аркак жүрүп, бирин-бири эгиздей толуктап турат. Укугум бар деп куру көкүрөктү кагардан мурун, милдеттерибиз да бар экенин биле журсөк. Учурда мамлекетибизде идеология жок деп көп эле жерде айтылат. Бир кездерде Манас атабыздын жети осуятын идеология кылабыз деп чыкканбыз. Сыягы майнап чыкпады көрүнөт, азыр жети осуят деп кыйкырбай калдык. Жарандарыбыз үчүн конституция, мыйзамдуулук идеология болушун каалар элем. Бала бакчадан мыйзамдуулукка суугарып, мектептерде байма-бай айтып, атуулдарыбызды мыйзамга болгон көз карашын түздөп, мыйзам талаасында иш жүргүзсөк мына ошондо өлкөбүз өнүгүү жолуна түшөөрү бышык. Жүрөгү кыргыз деп соккон, кан-жаны менен улуттун келечегине күйгөн мекендештерибиз конституциянын бузулушуна жол бербесек. Конституцияны кооз кылып жазып койуу эле эмес, колдонуп таштап салуу эмес, коргош да керек экенин унутпасак. Бул жаатта өзүнүн олуттуу ишин алып барып келе жаткан, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Конституциялык палатанын ишмердүүлүгүн айта кетпесек болбос. Конституциялык палата он бир судьядан: Конституциялык палатанын төрагасынан, төраганын орун басарынан жана тогуз судьядан туруп, сот өндүрүшү аркылуу өз алдынча конституциялык көзөмөлдү жүргүзүп келет. Бирок менин мурунку курамга жеке таарынычым бар, анткени эки президенттин учурунда баш мыйзамды өзгөртүүгө оң корутунду чыгарып берүү менен конституциялык сот өндүрүшүнүн принциптерин (көз карандысыздык, тараптардын атаандаштыгы жана тең укуктуулугу) бузуп келишкен. Мен ишенем, азыркы курам мындайга экинчи жол бербейт. Анткени конституцияны бузуу, эки жолку ыңкылапка алып келди.

Мен кыргыздын атуулумун, каным-жаным кыргыз дегендерге кайрылуу:

Урматтуу мекендештер, конституцияны көздүн карегиндей сактайлы. Бабалардан калган мурас, кийинки муун алдындагы карызыбыз экенин унутпайлы. Ыйык Куранды улуу туткандай эле (Ыйык Куранга теңебей элемин), конституцияны да туу туталы. Бактыбызды аярлап, аздектейли!!!

Мамытов Исмаил, Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык Академиясынын
Адвокатура жана юстиция факультетинин 5 курсунун студенти.